# Мухаммед пайгамбардын хадистеринин теориялык жана методикалык негиздери.

**Козукулов Тимур Алимбекович***

**Аннотация**

Кыргыз Республикасы эгемендүүлүккө жетишкенден кийин, демократиянын курулуш процессинде көптөгөн социалдык багыттагы факторлор өнүгө баштады. Алардын бири Ислам динине тийиштүү негизги булактарына байланыштуу талаш-тартыштар пайда болду. Бардык диндердин жайылуусу жана өнүгүүсү мамлекеттин демократиялашуу учурунда калкынын көпчүлүгү мусулман болгон Кыргыз элинда тынчсыздандырат. Ошондуктан дин адамы болсун, диний уюмдар болсун бул боюнча элге карата иш-чараларды жүргүзүшүүдө. Бул жагдай канчалык туура же туура эместиги талаш-тартышка себепчи болду. Хадис илиминин методологиясы жана теориясы дагы деле мусулман калкы арасында жогорку деңгээлге чыккан эмес. Пайгамбарга шилтеме жасалган көптөгөн сөздүн хадис экендигине күмөн туулуда. Ошондуктан бул макалада хадистин теориялык жана методологиялык негиздерин түшүндүргөнгө аракет жасайбыз.

**Өзөк сөздөр:** хадис, мавзу хадис, хадистин теориясы, хадистин методологиясы.

**Теориялык негиздери.** Ислам идеологиясынын негизги булагы болуп эки китеп гана эсептелет. Биринчиси, Куран ал эми экинчиси-Хадис. Мусулман дүйнөсүндө бир гана Куранды кабыл алып, хадисти четке каккан агымдар да жок эмес. Бирок, сүннөттү мусулмандардан алып салуу мүмкүн эмес. Куран менен сүннөт бири-бирин толуктагандыгы жөнүндө ар түрдүү пикирлер айтылууда. Ислам изилдөөчү Сулайман Атеш мындай деген: «Ислам дини негизинен эки булакка таянат. Алар Алла тарабынан Мухаммедке жиберилген Куран жана пайгамбардын насаат сөздөрү жана кыймыл аракеттери же сүннөт болуп эсептелет. Куран мурас калтыруу, жазалоо сымал бир нече маселеге гана кеңири токтолгон. Ал эми сүннөт болсо Куранды чечмелеп амалият (практика) жүзүндө аткарылышы болуп эсептелет»[1].

Сүннөт, Хадис, Кабар сөздөрү бирдей маанини туюндурат. Бул сөздөрдүн терминологиялык мааниси өз ара бири-бирин толуктаган маанилерге да ээ экендигин көрүүгө болот. Хадис жана сүннөт терминине көптөгөн аныктамаларды ислам изилдөөчүлөрү беришкендиги анык. Кээде бир-бирине айкалышпаган аныктамаларды да бергендер жок эмес. Хадис

---

* ОшМУнун теология факультетинин илимий изденүүчүсү.

[1] Ateş Suleyman, Kuran Nizamı, Dergah yayınları, ikinci baskı. – İstanbul, 5-б.

менен сүннөт термини синоним катары аныктама берилсе да алардын айырмачылык жактарын да белгилешкен.

**Сүннөт:** Сүннөт-бул Мухаммед пайгамбар тарабынан үммөтөрүнө (жолун жолдоочулар) үлгүлүү иштерин, насааттарын же болбосо иш аракеттерин түшүндүргөн термин[2]. Ал эми хадис сөзүнүн терминологиялык маанисин, атайын кандайдыр бир окуя үчүн пайгамбардын осуяты, кыймыл аракети же сүкүтү (кандайдыр бир кыймыл аракетке үн чыгарбастан макул көргөндүгү) болуп эсептелет. Хадис жана Сүннөт терминининин мааниси жагынан окшоштугу пайгамбардын аткарган амалдары менен осуяттарын сүннөт деп атап коюшат. Бул эки терминдин мааниси окшош болсо дагы, айырмачылыгы жок эмес. Хадис сүннөттүн бир бутагы болуп эсептелет.

Сүннөт-Курандагы, мужмал аятты башка аятка же мужмал аятка хадисти салыштырып, диний амалдарды (ибадаттарды), мажбур аткарууга буйрук кылган шариат өкүмдөрүнүн түшүндүрмөсү жана аныктамасы экендиги айтылган[3].

**Хадис:** Хадис сөзү араб тилинен алынган. Хадис сөзүн кыргызчага которгондо «эски»-деген сөздү билдирет. Ал менен гана чектелбестен кабар берүү, бир нерсени башка жерге жеткирүү, ташуу деген маанилерди да өз ичине камтыйт жана ошондой эле бир нерсени түшүндүрүү, баяндоо, аныктоо деген да маанилериди туюндурат. Аны Курандагы Духа сүрөсүнүн 2-аятындагы «Фахаддис» сөзүнө таянып айтууга болот. Ошондуктан хадис сөзүнүн мааниси кеңейип, көптөгөн ислам аалымдары ага түрдүүчө аныктамаларды беришкен.

Хадис сөзү араб тилинде «сөз»-деген маанини да түшүндүрөт. Бул сөздүн мааниси исламдын диний аныктамасы боюнча, Алла Тааланын жер жүзүндөгү элчиси болгон пайгамбар Мухаммеддин сүйлөгөн сөздөрүнө жана анын доорунда күндөлүк турмушта пайда болгон түрдүү проблемаларды өз ичине камтыган насааттарына, ошондой эле сахабалар пайгамбардын оозунан чыккан сөздөрдү эч өзгөртпөстөн кийинки муунга оозэки же жазма түрүндө жеткирген маалыматтары хадис болуп эсептелет.

Сахабалардын: «Пайгамбар тигил жерде мындай деп сүйлөдү, тигил жакта мындай жумуш жасады, мындай мамиле кылды»-деп, пайгамбардын жасаган жумуштарын, кылган ибадат- сыйынууларын ачык айкын түшүндүргөн сөздөрү «Хадис» деп аталат. Пайгамбардын ар бир сүйлөгөн сөздөрү ислам дини, чыныгы адептүү адамгерчилик жөнүндө гана болуп, анын сүйлөгөн сөздөрүндө бир да жалган, жаңылыш, пайдасыз сөздөр болгон эмес деп ислам илимпоздору белгилешет. Куранда кыскартылып айтылган өкүмдөрдү, кеңейтилген түрдө ачык айкын баяндап берген.

**Кудси хадистер:** Бул хадистер ыйык болуп эсептелет. Кудси хадиске ислам илимпоздору, Алла тарабынан Мухаммед пайгамбарга Жабраил периште, түшүндө аян же жүрөгүнө илхам берүү аркылуу билдирилип, андан кийин айтылган сөздөр. Бирок, Курандын аяттары да ушундай жол

---

[2] Başaran S., Sönmez M.A. Hadis Usulü ve Tarihi. Uludağ Universitesi Basımevi. – Bursa, 1993, 3-б.

[3] Köksal M.Asım, İslam'da İki Ana Kaynak Kitap ve Sünnet. – Ankara, 1994, 26-б.

аркылуу да келгендиги билинет. Ошондой болсо да, алар аят эмес хадис болуп эсептелинет.

Мусулмандардын жашоо образы кандай болуусу керек экендиги жөнүндө сүйлөгөн сөздөрү абдан көп учурайт. Мухаммед пайгамбар ислам告 дининде болгон өкүмдөрдүн бирин да калтырбастан түшүндүрүп, инсандарга ислам дининин мазмунун бирин калтырбастан толук айтып өткөн. Момун, мусулман кишилер ибадат, сыйынуу амалдарын кандай тартипте аткаруулары тууралуу пайгамбар өзү практикалык түрдө көрсөтүү менен оозеки түшүндүрүп берген. Мухаммед пайгамбардын хадистерин топтоп жыйнак катарында жазылган китептердин түрү көп. Бирок, ошолордун ичинен дүйнөгө белгилүү болгон алты эле китеп. Бул чыгарма «Китабу Ситтатун» (алты китеп) деп аталат. Алар төмөнкүлөр:

Сахиху Бухарий.

Сахиху Муслим.

Сүнану Ебу Давуд.

Сүнану Насаи.

Сүнанү ибни Мате.

Сүнанү ибни Малик.

Ислам дүйнөсүнөн чыккан илимпоздор турмуштун оор запкысына карабастан пайгамбардын хадистеринин (осуяттарын) бирин калтырбай топтоп жыйнак кылып жазганга аракет кылышкан, кийинки муундарга мурас кылып калтырышкан. Хадис китебин жазган окумуштуулар ар дайым пайгамбардын өз оозунан чыккан хадистерди топтоо менен алек болушкан. Жогоруда айтылган китептерде пайгамбардын өз оозунан чыккан сөздөрү толук жазылган. Жогоруда аты аталган 6 чоң хадис китебинен башка дагы хадис китептери бар. Бул китептер 6 чоң хадис китептеринен алынып жазылган жана башка түрдүү тилдерге которулуп хадис китептеринин саны көбөйгөн.

Ислам дининдеги бардык шарият өкүмдөрү куран менен хадис китептеринде толук камтылган. Ар бир момун мусулманмын деген киши Куран жана хадис китептеринде көрсөтүлгөн тартипте амал кылганга аракет кылышат, бирок ар ким ар кандай мааниде түшүнүшөөрү шексиз. Ошондуктан бардык мусулмандардын биримдигин бекем сактоо үчүн Кудай Куранда «Ваьтасимуу бихаблил-лаах жамийьав-ва лаа тафаррануу» деген. Мааниси: «Алла Тааланын ак жолун, динин бирдиктүү түрдө бекем кармаңыздар. Ал динден эч качан бөлүнүп кетпегиле» дегенди түшүндүрөт.

Мухаммед пайгамбар төмөндөгүчө насаатын айткан. «Таракту фийкуш ашрайни лан мадиллуу маа мамассактум бихимаа: китабал-маахи ва суннета расуулихи». Мааниси: «мен силерге эки нерсе калтырдым, эгерде ушул эки нерсени бекем тутсаңар эч качан адашпайсыңар. Ал эки нерсе Алла Тааланын Кураны (китеп) жана менин сүннөтүм» деген. Мына ушул эки нерсенин биринчиси: Кудайдын сөзү Куран, экинчиси: Мухаммеддин сүннөтү-кылган иштери, сүйлөгөн сөздөрү.

Илимпоз Явуз Үнал бир хадисти адамдар ар кандай мааниде түшүнө тургандыгы жөнүндө мындай деп жазат: «А адамга көрө, Куранга терс

болгон сөз, маалымат же аныктама, Б адамга эч проблема болбошу мүмкүн. Бул назик өзгөчөлүк мындай абалда өтмүштү эске алуу менен аныкталышы керек. Андай болбосо, үнүбүз чыккандыгы үчүн өзүбүздү туура жана акыйкат жолундабыз деген ишенимге өзүбүздү байлайбыз. Мындай абал илимдин өнүгүүсүнө эмес, токтоп калышына себеп болот»[4].

Яшар Нури Өзтүрк болсо, Бейхаккинин (өлүмү 1065) «хадистерди пайдаланып Куранга түшүндүрмө берген хадис батыл (негизсиз, жалган) болуп саналат. Бул нерсе туура эмес. Куранда хадистер түшүндүрмө бере турган эч нерсе жок»[5]. Хадиске туура эмес аныктама берген деп жазат.

**Методологиялык негиздери.** Хадистин методология- сына, хадис илими таянган принциптерге хадис технологиясы деп аталат. Хадис методологиясы жаңыдан пайда болгон учурда Мусталахул хадис деп да аташкан. Методология түшүнүгүн берүү үчүн Улумул хадис сөзүн колдонушкандыгы да анык[6].

Хадис илими негизинен Риваятул-хадис жана Дираятул-хадис деп эки тармакка бөлүнөт. Хадис методологиясында хадис илиминин дираят принцибине таянган, усулият менен алек болгон илимпозчуларды хадис усулчусу деп аташкан[7]. Мухаммед пайгамбардын өлүмүнөн кийин, Хадистерди муундан муунга калуусу үчүн, анын чыныгы хадис экендигин такташтырып, изилдеп, методологиясын илимпоздор иштеп чыгышкан. Ал муундарды үч топко бөлөбүз.

**Сахабалар:** Сахаба-бул мусулман болуу менен чектелбестен, пайгамбардын замандашы, аны менен маектешкен жана көргөн адамдарга берилген ат. Хадис риваятында (кабар кылууда) же болбосо ишеним жана амал катарында ислам динин кийинки муундарга үйрөтүүдө эң пайдалуу булак боло ала турган тармак болуп саналат. Ислам тарыхында сахабаларга аябай маани берилген, ар биринин өмүр баяны жана адамдык сапаттары тууралуу көптөгөн китептер жазылган.

Сахабалар, ислам динин жайылтууда жана кийинки муундарга ислам динин туура үйрөтүүдө эбегейсиз чоң салымдарын кошушкан. Аны менен эле чектелбестен өздөрүн Кудайга арнап, пайгамбар менен бирге чыныгы ислам сунуштаган жашоо образын жашап, өздөрүнөн кийинки муундарга үлгү болуп калды. Мунун Пайгамбардын хадистери жана Курандагы кээ бир аяттардан даана байкоого болот. Мисалы: « Силер, адамзат баласынын ичинен эң улуусу, жакшылыкка үгүттөп, жамандыктан сактанганыңар жана Кудайга ишенип, дайыма ибадат кыласыңар».

Сахабалар өз ара даража, статус жана кадыр барктуулугуна карай баскычтарга бөлүнөт. Булардын ичинен аль-Хакимдин тизмеси алдыңкы орунга ээ.

---

[4] Ünal Yavuz. Hadisin doğuş ve gelişim tarihine yeniden bakış, -Samsun, 2001, 280-б.

[5] Öztürk Yaşar Nuri, İslam Nasıl Yozlaştırdı, Yeni boyut yay. – İstanbul, 2000, 561-б.

[6] Lütfi Çakan İsmail, Hadis Usulü. –İstanbul, 1991, 14-б.

[7] Lütfi Çakan İsmail, Hadis Edebiyatı, 2.baskı. –İstanbul, 1989, 175-б.

Сахабалардын саны жөнүндө так маалымат жок. Абу Зурга ер-Разии пайгамбар өлгөн мезгилде Мекке, Мадина жана бул чоң шаарлардын айланасындагы аймактарда 114 миң мусулмандын болгондугун айткан.

Сахабалардын адилеттүүлүгү, улуулугу, чынчылдыгы жөнүндө жогоруда баса белгиленгендей эле Курандын аяттары менен да бышыктоого болот. Хадистерди топтоодо сахабалар кылдаттык менен иликтөөдөн өткөрүлгөндөн кийин гана алардан хадистер жазылып алынган. Сахабалар риваят кылган Хадистер санына карай эки топко бөлүнөт. Усул китептери сахабаларды риваят эткен санына карай эки группага ажыраткан. Биринчи группадагылар аябай көп хадис риваят кылгандар. Булардын биринчиси болуп Эбу-Хурайра саналат. Ал 5375 хадис риваят кылган.

Экинчиси болсо, анчалык көп хадис риваят кылбаган сахабаларга айтылат. Демек бул жерде айта кетүүчү нерсе: Хадистерди биринчи жолу ооздон оозго өткөргөн адамдар сахабалар болуп саналат. Сахабалар доорунда белгилүү болгондой эле Мухаммед пайгамбар хадистерди жазууларына тыйуу салган жана бир канча убакыт өткөндөн кийин хадистерди жазууга уруксат берген. Ошондуктан биринчи жолу хадисти сахабалар риваят кылышкан, сахабалардан кийин табиуундар, андан кийин Этбау-Табиуундар улантышкан.

**Табиуундар:** Пайгамбардын сахабаларынан кимдир бирөөсүнө жолукса, аны көргөн адамдарга табии деп аталат. Муну менен бирге табиилерге ар түрдүү аныктамалар берилген. Хадистерди булар сахабалардан алып, алардан угуп, маектешип анан башкаларга риваят кылышкан[8].

Табиилер, хадис риваятында же болбосо ислам динин сактап кийинки муундарга өткөрүп берүүдө аябай чоң роль ойношкон. Көптөгөн диний адабияттар Табиилердин доорунда жазылып басмага басыла башталган. Усулдук бир канча куралдар алар тарабынан түзүлгөн. Аллаа Таала Кураны Керимде ел-Хатииб: табиун болуш үчүн сахаба менен көрүшүү керек деген. Башкача айтканда Мухажирлер жана Энсаарларды (Ислам жолунда жарышкандардын алдыңкылары) жолугуп алар менен маек кылып, насаатын уккан болуш керек.

Табиундардын саны жөнүндө так маалымат берилген эмес. Сахабалардын, пайгамбардын өлүмүнөн кийин алардын мусулман аскерлери тарабынан каратылып алынган түрдүү өлкөлөргө таралгандыктары жана ал жерлерде өздөрүнө аябай көп мусулмандардын жолуккандыгын айта турган болсок, анда табиундардын саны жөнүндө так маалыматты аныктоо кыйын. Кээ бир тарыхый китептерде болжолдуу маалыматтар берилген.

**Кээ бир таанымал табиилер:** Мухадрамдар, Пайгамбардын доорунда жашап, аны менен сүйлөшпөгөн мусулмандарды мухадрамдар деп коюшат. Муслимдин ою боюнча, Бушейр ибн Ашр аттуу таанымал хадисчи, Хижреттен (Мухаммед пайгамбардын Меккеден Мединеге көчүүсүн хижрет деп аталат) кийин төрөлсө да Мухадрам эсептелет.

---

[8] Talat Koçyiğit, Hadis Usulü, TDV yay. –Ankara, 1997, 171-б.

**Етбаут-Табиин:** Пайгамбар сахабалар жөнүндө жогоруда айтып өткөндөй эле Етбаут-Табиин да «инсандардын эң кайырдуусу менен доордоштору», үчүнчү даражадагы кадырлуу муун катары эсептелип табииндердин арасында чоңоюп, алардан тарбия алган жана алардан хадис үйрөнүшкөн. Бул муунга тийиштүү болгондорду көп жолу табиилер менен алмаштырышып жана эч бир сахабанын аты көрсөтүлбөгөн жерде табиундардын аттары аталган. Етбаут-Табиин доору, хадис алуу жана риваят кылуу усулдары жолго коюлган доор катары эсептелет. Бул доордо топтолгон хадистердин тексттери аралашып кетиши максатка туура келбегендиктен, буга кошумча темаларына карай баптарга ажыратылып жөнгө салынган.

Жогоруда айтылган бул үч муун, Сахаба, Табиун жана етбаут-табиундар болуп саналат. Булар Ислам дининин, Курандан кийинки экинчи негизги бөлүгү болгон хадистердин топтолуп сакталуусунда жана кийинки муундарга риваят кылынуусунда эң негизги ролду ойношкон.

Риваят-суулоо, ташуу, башкасына уккан нерсени айтып берүү деген маанини түшүндүрөт. Сахабалардан баштап етбаут-табиунга чейинки урпактан урпакка пайгамбардын сөзүн айтып калтырган адамдарды хадис риваятчылары деп атайбыз. Хадистин муундан-муунга өтүп уланып келишине ушул хадис риваятчылары себепчи болуп саналат. Хадис методологиясынын баштоочулары етбаут-табиундар болуп саналышат[9].

Имам Бухарини хадис илиминде абройго ээ кылган эки негизги нерсе бар. Биринчиси, илимий методдору. Ал Селефийлердин көп жылдар бою колдонгон методологиясын өнүктүргөн. Аны системалаштырып пайдаланууга оңойлоштурган. Бухаринин хадис методологиясына ачылыш кылган жаңылыгы, өз чыгармасына жазган хадисти сахих (анык, туура) эсептеш үчүн, айткан «рави» (оозеки муундан муунга жеткирген адамдар) өзүнөн мурдагы рави менен жолугушуп, андан хадисти үйрөнүүсү керек. Ошондой эле Бухари өзүнүн дооруна чейин эч ким колдонбогон методду колдонгон. Ал китебин бөлүмдөргө бөлүп, аталыштарын Ислам укугундагы түрдүү маселелердин далилдери менен бирге бышыктаган[10].

Мухаммед пайгамбардын хадистери бир канча классификацияга бөлүнөт. Классификацияда негизинен хадистин тууралыгы же болбосо туура эместиги аныкталат. Классификациялоо, хадис методологиясынын негизги принциптеринин бири. Хадистер сахих, хасен хадис, зайыф (күчсүз) хадис жана мевзу (негизсиз, Мухаммед пайгамбарга таандык болбогон) хадис классификациясына бөлүнөт.

**Сахих (туура, чыныгы Мухаммед пайгамбар айткан хадистер сахих деп аталат):** Бир хадистин (туура) сахих болуусу үчүн кээ бир шарттардын болуусу зарыл. Бул шарттар бешөө болуп эсептелинет. Алар төмөндөгүдөй:

а) Хадистин сенединен (хадистерди айтып калтырган 3 муундун биринин аты тунгуюк болуп калбоосу керек) ажыратып же болбосо ортодо

---

[9] Lütfi Çakan İsmail, Hadis Usulü Şekil ve Örneklerle. –İstanbul, 1990, 47-б.
[10] Mücteba Uğur, İmam Buhari, TDV yay. – Ankara, 1994, 76-78-бб.

риваятчы адамдын аты белгилүү болуусу керек, үзгүлтүккө учурабоосу зарыл. Толук сенеди болгон хадис мүснед жана муттасил деп аталат.

б) Сенеди Муттасил болгон хадистер диндеги толеранттулукту сактаган риваятчылар тарабынан кийинки муундагы өзүнө окшогон риваятчыларга өткөрүп берип жана хадиске эч кандай өзгөртүү киргизилбеши керек.

в) Риваятчылардын түрү, эске тутуу сезими боюнча ишенимдүү адамдар болуусу зарыл. Эске тутуусу, акыл-эси жетилген жана ойлоо сезимдеринде кемчиликтер болбоосу керек.

г) Хадисте Иллет аты берилген кемчилик болбошу керек. Хадистин мааниси күчтүү болгону менен кемчилиги жок болушу керек.

д) Хадис шаз (карама-кашы, терс) болбошу керек. Башкача айтканда бир эле хадисти эки бөлөк риваятчынын оозунда башка маанилерде риваят кылынбашы керек.

Бул шарттар толук аткарылган хадис сахихи лизатихии деп аталат. Мунун карама-каршы мааниси сахихи лигайрихии деп аталып жана хасен хадиске жакын болгон бир бөлүм дагы бар. Бул сыяктуу хадистер тышкы жардамдар менен тууралыгын аныктап турат. Түрдүү жолдор менен түрдүү риваятчыларга жардамчы болууда.

**Хасен Хадис:** Жогоруда айтылган хадисти аныктоодогу коюлган бардык шарттар Хасен Хадис үчүн да тийешелүү. Алардын бир гана Сахихтеги айырмачылыгы, бир эле риваят кылган адамдын эске тутуу сапатынын, сахих хадистин риваятчыларынын касиетинен бир аз төмөн болуусу саналат. Анын аныктамасы: шаз (карама-каршы, терс) жана иллет (кемчилдик)түү болуудан чыгып, бирок маани-маңызы жагынан анча деле толук болбогон, адилеттүүлүктү толук кармаган риваятчылар тарабынан муттасил сенеддер менен риваят кылынган хадистер болуп эсептелет. Бул хадистер да Лизатихи Хасен жана Лигайрихи Хасен болуп экиге бөлүнөт.

Имам Мухаммед Б. Иса Тирмизи хадистерге, Хасен Хадис классификациясын киргизгендигин жана өз эмгектеринде аларга орун бергендигин илимпоздор маалымдаган. Имам Тирмизий, Хасен Хадиске биринчи жолу аныктама берген илимпоз болуп эсептелинет. Белгилүү болгондой эле Тирмизи китебинде хадистерди жазгандан кийин алар менен амал кылуу туурасында кээ бир маалыматтарды да белгилеп кеткен. Сахих жана Хасен терминдери менен бирге Хасен-Сахих, Хасен-Сахих-Зайыф сымал түшүнүгү аябай оор сөздөрдү колдонуп өткөн. Зайыф (күчсүз) Хадис болсо, амал кылына турган жана амал кылынбай турган хадистер болуп экиге бөлүнгөн.

Амал кылынбай турган, б.а. вахий деп айтылган хадис. Күтүбү Ситте деп аталган жана Сүнниттерге куттуу жана ыйык эсептелген хадистердин тобу Тирмизинин китебинен башка Хасен Хадис жазылган китеп жок дегендик да туура эмес. Кээ бир аалымдардын ойлору боюнча Хасен Хадис Зайыф эмес сахих хадистен чыккан деп айтышат. Ошондуктан ал хадистин бир түрү эмес, сахих хадистин бир түрүнө кирет деген.

**Зайыф Хадис (күчсүз):** Бул сыяктуу хадистерди аныктоодон мурда зайыф хадис менен мевзу (негизсиз, пайгамбар айтпаса да ага таандык

кылып айтылып жүргөн хадистер) хадистердин айырмачылыгын белгилөө керек. Кээ бир илимпоздор Зайыф Хадис дегенде негизи болбогон, Мухаммед пайгамбардын оозунан чыкпаса да Хадисул-Мевзуу-Зайыф хадистер, хадиске эч бир байланышы жок деген пикирди билдиришкен. Эч тийешеси болбогон бир жалган сөздүн, бир ушак Зайыф Хадис сенед жана Хадистеги бир кемчиликтен улам, келиши же бар экендиги бизге туура көрүлгөн бир хадис болуп саналат. Чындыгында балким Аллаанын элчиси бул сөздү айткандыр. Колубузда болгон маалыматтарга караганда, жалгандан же болбосо Мухаммед пайгамбарга тануудан коргонуу үчүн хадисчилер ага этияттык менен мамиле кылышып жана бир гана риваят толук Зайыф (күчсүз) деп карашкан. Ошол эле хадистин башка жолдор менен сахих түрү болгондугу үчүн ар дайым Мухаммед пайгамбардан келген ал тууралуу маалыматтарда жок эмес.

Зайыф хадиске кыскача мындайча аныктама бере алабыз: Сахих жана Хасен Хадистин шарттарын өзүндө камтыбаган, аныкталуусу кыйынга турган хадистер. Зайыф хадистин 40 түрү бар экендиги хадис илиминин аалымдары белгилешкен.

**Мевзу хадис** (хадис эмес, бирок пайгамбардын сөзү деп таралышы, же болбосо ага таандык деп белгилениши): Бул хадистер менен амал кылынбайт.Мухаммед пайгамбар айтпаса да анын өлүмүнөн кийин, адамдар өздөрү ойлорунан чыгарып айткан Хадистерди мевзу хадис деп аташат. Мындай хадистерде да кээ бир китептерде жазылган, кээ бир китептерде болсо кездешпейт. Себеби, мындай хадистерге ыйман жана амал кылынбайт. Мевзу хадистерге равилердин «иснад сенедин» (муундан муунга хадистерди айтып калтырган равилердин тизмеси) адамдар тарабынан ойлоп чыгарышкан жана ошондой болуп тарап кеткен[11]. Мисалы көп хадис риваят кылган адамдардын атын айтып, мен өткөндө тиги жерде ал кишинин мындай хадисти айтканын уктум деп элге таратып жиберишкен. Мевзу хадистердин качан кимдер тарабынан жана качан башталганы жөнүндө так маалымат жок. Бирок, кээ бир изилдөөчүлөр пайгамбар тирүү маалында эле башталган деп айтышса, айрымдары Осман халифанын өлүмүнөн кийин башталган деген пикирди айтышууда.[12] Пайгамбар доорунда башталган деген пикир чындыкка айкалышпайт. Себеби, пайгамбар өз доорунда ар дайым туура эмес жолдорду токтотуп турган. Пайгамбар өзү билбеген ченде да, аны Алла аян аркылуу болуп жаткан абалды кабардар кылып турган деген түшүнүк диний адабияттарда кенири орун алган. Пайгамбар өз доорунда Курандын сүрөөлөрүн жаздырып турган, бирок хадистерин жазууга тыйуу салган. Абу-Бакир менен Умар да хадистерди жазууга уруксат берген эмес. Бирок, алар Курандын китеп болуп топтолуп жазуусуна уруксат берген. Осмондун өлүмүнөн кийин деген пикирлер чындыкка жакындашууда. Себеби, мурда жазылган Куран китебинин жалгыз нускасын 6 даанага көбөйтүлүшүнө уруксат берген.

[11] Talat Koçyiğit, Hadis Usulü, İlmi yayınlar. –Ankara, 132-б.
[12] Yıldırım Enbiya, Hadis Problemleri, Umran yay. – İstanbul, 1996, 15-16-бб.

Осмондун өлүмүнөн кийин мусулмандар дүйнөсүндө баш аламандыктар башталган. Алгачкы диний экстремисттик жана саясий агымдар Осмондун өлүмүнөн кийин пайда боло баштаган деген пикирлер да жок эмес.

Хадис изилдөөчү М.Яшар Кандемир, пайгамбарга таандык же жалган хадистерди далилдеп хадис эмес экендигин аныктоонун жолун мындайча белгилейт; «...пайгамбарга таандык болбогон хадистерди, ислам илимпоздору аныктап өз эмгектеринде жарыялап кетишкен, бирок, толук аныкталган деп айтуу туура эмес. Себеби, маанисинин тууралыгы жана ислам принциптерине дал келүү менен хадис эмес болсо да, хадис деп атактуу болгон сөздөр дагы деле эл оозунда айтылып келүүдө жана кээбир маанилүү таанымал илимий китептерге да жазылып калган. Жамандыкты алдын алуу үчүн, чыныгы хадис экендиги ачык айкын билинбесе, чоң китептердеги андай хадистерди жалганга чыгаруудан башка айлабыз жок»[13].

Хадистердин туура же туура эмес экендигин аныктоо керек. Себеби, көптөгөн диний уюмдар, диний агымдар жана диний экстремисттер кээ бир хадистерди өз максаттарына жетүү үчүн колдонушбайт деп эч ким гарантия бере албайт. Исламды жакшы билбеген адамдар болсо, пайгамбар ошондой деген экен да, деп ишенип кала бериши да чындык.

[13]Kandemir M.Y., Mevzu Hadisler: Menşeyi tanıma yolları tenkidi. 5-baskı. – Ankara, 1991. – 198-б.